# КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МАМИЛЕНИН АЛКАГЫНДА БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ КЕСИПКЕ ДАЯРДООДОГУ НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕРГЕ ЖАНА ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ ТАЛДОО

**Байтүгөлова Ж.А.[1], Омуров Н.К.[2]**
*БайтүгөловаЖанара Абдылдаевна, п.и.к., С. Нааматов таныдагы НМУ, Нарын ш.*
*Омуров Нурлан Кубатович - эксперт, Н. Исанов ат. КМКТАУ, Бишкек ш.*

*Аннотация. Макалада компетенттүүлүк мамиленин алкагында болочок мугалимдерди кесипке даярдоодогу нормативдик документтерге жана изилдөөлөргө талдоо жүргүзүлүп, жогорку профессионалдык билим берүү системасындагы болуп жаткан өзгөрүүлөр жана жаңы шарттар (билим берүүнүн эки баскычтуу деңгээлге өтүшү) сыпатталат.*

*Түйүндүү сөздөр: компетенттүүлүк мамиле, нормативдик документтер, Болон системасы, эки баскычтуу жогорку ке- сиптик билим берүү системасы, мугалимдин профессиограммасы, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу*

Бардык эле постсоветтик билим берүү системасы сыяктуу эле, Кыргызстандын билим берүү системасынын билим па- радигмасынан компетенттүүлүк парадигмасына, борбордоштурулган тенденциядан вариативдүүлүк тенденцияга өтүүсү байкалууда. Билим берүү системасынын мындай өзгөрүүгө дуушар болуп жатышы экономиканын өнүгүшүнүн динамикалуу мүнөзгө ээ болушу жана конкуренциянын маанисинин жогорулашы менен түшүндүрүлөт. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын Болон системасына өткөндүгүнө жана инсанга багытталган окутуунун механизмдери ишке кирише баштаганына байланыштуу, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыктарын күчөтүү проблемасы пайда болду. Ошол себептен, республиканын жогорку билим берүүсүндө жаңы нормативдик документтерди иштеп чыгуунун, кесипкөй адистерди даярдоонун жаңы мамилелерин изилдөө учурдагы талап болуп калды.

Коомубуз атаандаштыкка туруштук бере алган, ийкем жашоого ылайыкталган, чыгармачыл мугалимдерге муктаж. Мугалим азыркы коомдун талабына жооп берген инсанды тарбиялоого тийиш. Ал сабак берүүчү эле эмес, тарбиялоочу, насаатчы, ошол эле учурда психологиялык жана кесиптик чеберчиликке ээ болгон инсан болушу дагы зарыл. Ошол себеп- тен, болочок мугалимдердин кесиптик даярдыктарына жаңыча талаптар коюла баштады жана муну учурдагы абдан маани- лүү иш чаралардын бири деп эсептөөгө болот. Бул педагогикалык жогорку билим берүү системасында компетенттүүлүк мамилени жолго коюу, окутуунун заманбап технологияларын пайдалануу маселеси менен байланышкан. Компетенттүүлүк мамилени билим берүүнүн сапатын арттыруунун каражаты деп дагы эсептешет.

Компетенттүүлүк мамиленин негизги идеялары эмгек рыногундагы кырдаалды изилдөөдөн, жумушчулардын кесип- көйлүгүнө коюлуучу талаптарды аныктоодон улам келип чыккан. Компетенттүүлүк мамиле деп, окумуштуулар окутуунун натыйжасына басым жасалган көз карашты белгилешет, ал эми окутуунун натыйжасы топтолгон билимдин суммасы эмес, билимди турмуштун ар кандай жагдайларында колдонуу жөндөмдүүлүгү [1; 3, 4; 7; 11].

Компетенттүүлүк мамиле салттуу мамиле менен салыштырганда бир кыйла артыкчылыктарга ээ. Салттуу мамиледеги көз караш - окуучунун билгени канчалык көп болсо, ал ошончо билимдүү жана анын билим деңгээли ошончо жогору деп эсептелет [13]. Инсандын мындай деңгээлге жетишин жалпы жонунан билимдүүлүк түшүнүгү менен белгилешкен. Ал эми компетенттүүлүк мамиледеги көз караш боюнча, билим берүүнүн максаттары окуу натыйжасына негизделет жана окутуунун мазмуну ошол коюлган максаттарга карата тандалат. Бул учурда дагы бир нерсени эске алуу керек, кандайдыр бир окутуунун натыйжасы башка предметтердин жардамы менен гана калыптанат, ал эми кээ бир натыйжалар ушул гана предметтин чегинде алынат, жана аларды башка предметтин алкагында окутуу кыйынчылыктарды алып келет [1; 2; 7].

Педагогикалык кадрлардын даярдыгына коюлуучу талаптар тууралуу мурдатан эле айтылып келген. Атактуу педагогдор А.Дистервег, Я.А.Коменский, К.Д.Ушинский мугалимдин сабак берүү билгичтигине ээ болуусу жетишсиз, ал нравалык жактан билимдерге, ишенимге ээ болгон адис болуш керек деген ойлорду айтышкан. Советтик педагогикада

мугалимдик кесип тууралуу изилдөөлөр XX кылымдын 20-30-жылдары башталган. Мугалимдин инсандыгы өз ишмердүүлүгүн активдүү калыптандыруучу субъект катары каралган. Мугалимдин инсандык сапаты изилдөөгө алынган, анын кыйынчылыктарга дуушар болуусу, мугалим менен окуучунун ортосундагы карым катнаштар, мугалимдин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү, ой жүгүртүүлөрү талкуунун предметине айланган.

60-70-жылдары Советтик педагогдор мугалимдин даярдыгына коюлуучу талаптарды иликтөөдө «мугалимдин профессио- граммасы» түшүнүгү тууралуу бир топ алгылыктуу иштерди жүргүзүшкөн. Педагогикалык сөздүктө мугалимдин профессиограммасы - бул документ, мында мугалимдин билиминин, билгичтигинин жана көндүмүнүн, инсандыгынын, жөндөмдүүлүгүнүн, психофизиологиялык мүмкүнчүлүктөрүнүн позициясынан алып берилген квалификациялык толук мүнөз- дөмө деп айтылат [6, 276-б.]. Аныктамадан көрүнүп тургандай, мугалимдин профессиограммасы - бул мугалимдин идеалдуу модели, үлгүсү, эталону, мында мугалим өздөштүрө турган, ал аткара турган инсандык негизги сапаттар келтирилген.

В.А.Сластенин мугалимдин аткаруучу функциясын негиз кылып алуу менен мугалимдин профессиограммасынын төмөнкүдөй төрт бөлүмүн сунуштаган [10]: а) мугалимдин инсандыгынын мазмуну жана мүнөздөмөсү; б) психологиялык- педагогикалык даярдыгына талаптар; в) кесиптик даярдыгынын көлөмү жана курамы; г) адистик боюнча методикалык даярдыгынын мазмуну.

Россиялык изилдөөчүлөр тарабынан бул түшүнүккө өзгөчө маани берилген. Азыркы учурда Россияда педагогикалык адистиктердин бир нече түрлөрү боюнча (биология, математика, орус тили жана адабияты) мугалимдердин профессио- граммасы иштелип чыккан жана бул түшүнүк компетенттүүлүк түшүнүгү менен бирге кайра каралууда.

Кыргыз Республикасында мугалимдин профессиограммасы тууралуу тиешелүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасын Болон процессинин талаптарына ылайык келтирүү максатында адистиктердин Улуттук алкагын түзүү маселеси коюлган жана республикадагы жүргүзүлгөн көпчүлүк изилдөөлөр ушул багытты көздөгөн [9; 12]. Россиялык изилдөөчүлөр мугалимдин квалификациясы, анын даярдыгы тууралуу сөз кылып жатышкан болсо, Кыргызстандык изилдөөчүлөр колдон келишинче бардык адистиктерди камтыган квалификацияны түзүү аракетинде болушууда. Кыргызстанда квалификациялардын Улуттук алкагын түзүүгө жана аны кабыл алууга эмне себептер болду деген суроого адистер төмөнкүдөй жооп беришет:

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын мобилдүүлүгүнүн санынын кескин өсүшү;
- башталгыч, орто, жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүүнүн квалификацияларын түзүүдө системалуулук жана компетенттүүлүк мамилени колдонуунун зарылдыгы;
- өмүр бою билим алууну камсыз кылуу зарылдыгы (life-long learning);
- Кыргызстанда жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүүдө адистерди даярдоонун жаңы деңгээлдеринин жайылтылышы.

Квалификациялардын Улуттук алкагы түшүнүгү изилдөөчүлөрдүн айтымында - бул белгилүү бир критерийлердин топтомунун негизинде иштелип чыккан квалификациялардын түзүмү, билим берүү-квалификациялык деңгээлдери. Мындан тышкары, дагы бир нече документтер даярдалышы пландаштырылган. Алардын ичинде квалификациялардын тармактык (отрасль) алкагы, профессионалдык стандарттар жана квалификацияларды сертификациялоо документтери камтылган. Квалификациялардын тармактык алкагы - бул эмгек рыногу менен билим берүүнү байланыштыра турган, тармактар боюнча квалификациялардын структурасы. Кесиптик стандарт - кызматкердин кесиптик ишмердүүлүктү аткарууга керек болгон квалификациясынын мүнөздөмөсү. Ал эми квалификацияны сертификациялоо - квалификациянын нормага жана талапка жооп берүүсүн баалоонун системасы жана процедуралары. Ушул документтер жалпысынан биригип квалификациялардын Улуттук системасына биригишет.

Азыркы күндө жогоруда аталган төрт документтин ичинен бирөөсү - Квалификациялардын Улуттук алкагы иштелип чыгып Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилди. Бул документте бакалавр даражасына ээ болгон адис билим берүүнүн төмөнкүдөй натыйжасына ээ болушу керектиги көрсөтүлгөн [12]:

1) Билүү жана түшүнүү: профессионалдык ишмердүүлүктүн областында эмгек функциясын аткарууга жетиштүү болгон билимдердин теориялык негизин жана фундаменталдык принциптерин билүү жана түшүнүү;

2) Билгичтиктер жана көндүмдөр: инновациялык ишмердүүлүктүн билгичтиктери көндүмдөрү, белгисиз шартта оор милдеттерди аткаруу. Өз ишине профессионалдык мамиле кылуу;

3) Өздүк компетенциялар: мекеменин же уюмдун деңгээлинде максатты коюууда жана чечим кабыл алууда жоопкерчиликти ала билүү.

Бакалавр адистигине коюлган мындай талаптар жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарттарында дагы чагылды- рылышы зарыл. Адистер квалификациялардын улуттук алкагы менен талаптар жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарт- тарынын ортосунда биримдиктин болушу зарыл деп эсептешет. Квалификациялардын Улуттук алкагындагы талаптар мамлекеттик стандартта ар бир адис боюнча чечмелениши керек. Мындан тышкары, эмгек рыногунун талаптарынын өзгөрүшүнө жараша бул документтердин мазмуну дагы кайрадан карап чыгууга ылайыктуу болушу зарыл.

2011-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «Кыргыз Республикасында профессионалдык билим берүүнүн эки деңгээлдүү структурасын түзүү жөнүндө» токтом кабыл алынган [8]. Токтом бакалавр жана магистрлерди даярдоо багыттарында, адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын макеттерин жана ошондой эле жогорку профессионалдык билим берүү адистиктерин даярдоо багыттарынын тизмелерин бекитти. Бул документ аркылуу Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүсүнүн мазмунун жаңылоого жол ачылды, ал эми компетенттүүлүк мамиле ошол жаңылануунун бирден бир негизи болуп калды.

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын түзүү боюнча иштер 2012- жылдары башталды. Мында компетенттүүлүк мамиле стандарттын негизин түзүүсү зарыл экендиги көзөмөлгө алынды. Бул боюнча жумушчу топ алдыңкы өлкөлөрдүн тажрыйбасын үйрөнүү менен улуттук колоритти сактоо аракетинде болушту. Стандартты түзүү үчүн TUNING проектисинде топтологон тажрыйбалар өз пайдасын тийгизе алды. Мында жалпы компе- тенттүүлүктүн үч негизги түрү колдонулат, алар: инструменталдык, инсан аралык жана системалуулук. Мындан тышкары, Европалык билим берүү системасында иштелип чыккан, Дублин дескриптору деп аталган квалификациялардын алкагы да- гы Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарттарын түзүүдө методикалык жардам көрсөттү. Мында үч натыйжа Дублин дескрипторунун негизин түзгөн:

- Билүү жана түшүнүү;
- Билимди жана түшүнүктү колдонуу;
- Ой-толгоону, коммуникацияны, көндүмдөрдү калыптандыруу.

TUNING проектисинде топтологон тажрыйбаларды, Дублин дескрипторунда аталган квалификациялардын эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн стандартынын компетенттүүлүктөрүн аныктоодо анын төмөнкүдөй курамы бе- китилди:

ЖК - жалпы илимий компетенциялар;
ИК - инструменталдык компетенциялар;
КК - кесиптик компетенциялар;
СЖК - социалдык жеке компетенциялар.

Жалпы илимий компетенциялар (ЖК) - динамикалуу жаңыланып турган билимдерди, методдорду жана технология- ларды инсандын билим коомунун шартында максаттуу колдонуу жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы. Бул компетенциялар инсандын илимий чөйрөгө бат адаптациялана алышына көмөк көрсөтөт. Бул компетенттүүлүктүн негизинде жалпы илимий билгичтиктер жатат. Инструменталдык компетенциялар (ИК) - идеяларды түшүнүү жана колдонуу жөндөмдүүлүгү, техно- логиялык жана компьютердик билгичтиктер жана көндүмдөр, лингвистикалык жана коммуникативдик билгичтиктер. Булар башка көндүмдөрдү жана компетенцияларды калыптандырууга каражат болуп бере алат. Кесиптик компетенциялар (КК) - инсандын профессионалдык ишмердүүлүгүн теориялык жана практикалык түрдө колдоно алуу жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы. Социалдык жеке компетенциялар (СЖК) - бул инсандын позитивдүү интеллектуалдык, психологиялык жана эрктик өз ара өнүгүүсүнө жана өзгөрүүсүнө жөндөмдүүлүгүн билгизет.

Бул компетенттүүлүктөр системалаштырылып, жалпы илимий, инструменталдык жана социалдык-өздүк компетенция- лар универсалдык компетенциялар деп аталып, кесиптик компетенттүүлүк өзүнчө бөлүк катары каралды.

2013-жылы жогорку профессионалдык билим берүүнүн мамлекеттик стандартын түзүү иштери жүргүзүлүп, «Педаго- гикалык билим берүү» багыты боюнча стандарт бекитилген [5]. Мурдагы стандарттардан айырмаланып, бул документ ком- петенттүүлүк мамиленин принциптерин эске алуу менен түзүлгөн. 2012-2013-окуу жылында ушул документтин негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасына жогорку профессионалдык билим берүүнүн эки баскычтуу (бакалавр, магистр) түзүмү ишке киргизилди.

Бакалаврдын кесиптик квалификациясы бүтүрүүчүлөргө окууну бүтөөр замат ишке киришүүгө мүмкүн болгон шарт- тарды түзүп берүүсү керек, башкача айтканда, алар фундаменталдык илим жана ошондой эле эң негизги профессионалдык компетенцияларга ээ болуусу зарыл. Стандартта педагогикалык адистиктеги бүтүрүүчүлөр ээ боло турган компетенциялар аныкталып, ал компетенцияларды өздөштүрүүгө жардам бере турган ылайыктуу предметтердин тизмеги берилген. Мисалга алсак, стандарттын Филологиялык билим берүү багытында бүтүрүүчү универсалдуу жана профессионалдык компетенция- ларына ээ болуусу зарыл экендиги белгиленет [5].

Компетенттүүлүктөр - бул интеграцияланган (жалпылашкан, маанилери боюнча бириктирилген, чогултулулган) касиеттер, жөндөмдүүлүктөр. Булар өз курамына бир нече билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, жөндөмдүүлүктөрдү, ички психологиялык сапаттарды, касиеттерди камтыйт. Ушул элементтер окуу предметтерин, окуу бөлүмдөрүн өздөштүрүүдө калыптандырылат. Демек, окуу курстарын окуп-үйрөнүүдө компетенттүүлүктөрдүн элементтери тизмектелип, аларды калыптандыруунун жолдору, ыкмалары туура тандалып алынышы керек. Мындан тышкары, бул элементтердин калыптандырылышы дагы окутуучулар тарабынан дагы болочок мугалимдер тарабынан дагы көзөмөлгө алынып турушу керек.

Билим берүү процессин өркүндөтүү маселелери, билим берүү сапатын баалоо системасын калыптандыруу илим жана билим берүү Министирлигинин кабыл алынган документтеринде келтирилген. Кыргыз Республикасынын билим берүү Ми- нистрлиги тарабынан билим берүүнүн 2020-жылга чейин өнүгүү стратегиясы иштелип чыккан. Анда маанилүү стратегия- лык багыттар аныкталган [11]:

1. Жогорку билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыздоо системасын өркүндөтүү.
2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн структураларын жана деңгээлдерин өркүндөтүү.

Аталган билим берүү сферасындагы өзгөрүүлөр жана жаңы шарттар (билим берүүнүн эки баскычтуу деңгээлге өтүшү) жогорку профессионалдык билим берүү системасын өркүндөтүүнүн зарылдыгын пайда кылып жатат.

*Адабияттар*

1. *Абдырахманов, Т.А.* Компетентностный подход в современном образовании: Учебное пособие. [Текст]/ Т.А.Абдырахманов, М.А. Ногаев. - Б., 2011. - 114 с.
2. *Байденко, В.И.* Болонский процесс: поиск общности Европейских систем образования [Текст]/В.И. Байденко// (проект TUNING). - М., 2006. - 217 с.
3. *Бершадский, М.Е.* Консультации: целеполагание и компетентностный подход в учебном процессе [Текст] / М.Е. Бершадский // Педагогические технологии. - 2009. - №4. - С. 89-94.
4. БОЛОНСКИЙ ПРОЦЕСС: Результаты обучения и компетентностный подход (книга-приложение 1) [Текст] / Под науч. ред. д-ра пед. наук, профессора В.И. Байденко. - М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2009. - 536 с.
5. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению Педагогическое образование (бакалавр) [Текст]. - Бишкек, 2013. - 176 с.
6. *Коджаспирова, Г.М.* Словарь по педагогике. [Текст]/ Г.М.Коджаспирова, А.Ю. Коджаспиров. - Москва: ИКЦ “МарТ”: Издательский центр “МарТ”, 2005. - 448 с.
7. *Лебедев, О.Е.* Компетентностный подход в образовании [Электронный ресурс] / О.Е. Лебедев // Школьные технологии. - 2004. -№5.-С.3-12.
8. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об установлении двухуровневой структуры высшего профессионального образования в Кыргызской Республике» от 23 августа 2011 г. / Кутбилим, август 2011.
9. Проблемы разработки рамок квалификаций в Кыргызской Республике. Сборник публикаций. - Бишкек, 2015. - 84 с.
10. *Сластенин, В.А.* Формирование личности учителя советской школы в процессе профессиональной подготовки [Текст]. - М., 1977. - 158 с.
11. Стратегия развития образования Кыргызской Республики на 2012-2020 годы [Текст]/ Проект.-Б., 2012. - 40 с.
12. *Таштообаева, Б.Э.* Национальная система и рамка квалификаций в Кыргызской Республике [Текст]/Б.Э. Таштообаева - Бишкек, 2015. - 130 с.
13. http://www.bologna-berlin2003.de/pdf/Communique1 .pdf.